**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОҢ РАЙОНУ ТӨРТ-КҮЛ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
ТОРТ-КУЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

# Төрт-Күл айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын VII-чакырылышынын XIV сессиясынын № 36 токтому
**18-август 2023-жыл**

## Төрт-Күл айыл аймагынын айылдык кеңешинин Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандап алуу жана каржылоо тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу

---

Жергиликтүү демилгелерди каржылоо жолу менен жергиликтүү жаммааттын мүчөлөрүн, алардын бирикмелерин, башка жеке жана юридикалык жактарды жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жигердүү катышууга шыктандыруу максатында

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандап алуу жана каржылоо тартиби жөнүндө Жобо 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Ушул токтом каттоого алынып, Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жиберилсин.

3. Ушул токтом расмий жарыялангандан күндөн тартып 15 күндүн ичинде күчүнө кирет (же токтомдо башка мөөнөттү көрсөтсө болот, мисалы , “расмий жарыялангандан күндөн тартып күчүнө кирсин”).

4. Ушул токтом жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялансын (айылдык аймактын, шаардын, райондун,облустун аймагында кыйла кеңири таралган, белгиленген тартипте каттоодон өткөн басылмалардын ичинен жергиликтүү Өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары тарабынан аныкталуучу тиешелүү басылмаларда ; жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын же жергиликтүү мамлекеттик администрациянын, же Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тиешелүү облусунун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, же жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий веб- сайтында)

5. Ушул токтомдун аткарылышына көзөмөлдү Төрт-Күл айыл Өкмөт башчысы У.Төлөнов жүргүзсүн.

**Төрага** **У.Карыпбаев**